# АТА БАБАЛАРЫБЫЗДЫН ЖАШТАРГА КАЛТЫРГАН БААЛУУ БАЙЛЫКТАРЫНЫН БИРИ - ТИЛИ, ДИЛИ, МАДАНИЯТЫ

**САЛЬПИЕВА Э.Б.**

*Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети*
**УДК 316.32**

***Аннотация:*** *Берилген статьяда ондогон кылымдарды карытып, жалпы адам баласынын оомалуу-төкмөлүү, тарыхый жолунда өзүнө гана таандык из калтырып, тириликтин машакаттуу жолун басып, жашоонун өзгөчө татаал чыйырындагы миңдеген тоскоолдуктардан өтсө дагы, өзүнүн тилин, дилин, маданиятын эч качан жоготкон эмес. Бирок азыркы мезгилде жаштарга бийик деңгээлде таалим тарбия бере алалбай,өзүбүздүн тилибизди, дилибизди, маданиятыбызды жоготууга коркунуч бар.*
***Ачкыч сөздөрү:*** *Тили, маданияты,дили,жаштар,инсан,базар экономикасы.*
***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается, как кыргызы за весь период своей истории прошли сложный путь и не забыли свои корни - языка, традиции, патриотизм. Но в современном мире идет процесс европизации, и молодое поколение начинает утрачивать и не понимать значение своего языка, культуры и традиции. Поэтому стоит вопрос о воспитании в молодежи патриотизме.*
***Ключевые слова:*** *Язык, традиция, молодежь, рыночная экономика, патриотизм, культура.*
***Annotation:*** *This article describes how kyrgyz piple for the entire period of its have history passed difficult way and do not forget their roots-languages, traditions, and culture,patriotism howadays there is a process of Evropeanization and the young generation started to lose and not understand the significance of their language, culture and traditions. Therefore there is a question about education among youth of patriotism.*
***Keywords:*** *language, tradition, culture, young people, patriotism, market economy.*

Ондогон кылымдарды карытып, жалпы адам баласынын оомалуу-төкмөлүү, тарыхый жолунда өзүнө гана таандык из калтырып, тириликтин машакаттуу жолун басып, жашоонун өзгөчө татаал чыйырындагы миңдеген тоскоолдуктардан өтүп, өмүр-өлүм үзөңгүлөш жүргөн далай кагылыш-кармаштарды баштан кечирип, өз атын, өзгөчө белгилерин жоготпой сактап, келе жаткан түптүү элдин кыргыздардын урпактарга калтырган баалуу байлыктарынын бири – тили, дили, маданияты.

Бир кездерде жазуу-сызуусу жок эле, оозэки түрдө өз алдынча өсүп-өнүккөн эл, көптөгөн кылымдар бою жыйнаган табылгаларын, тарыхый маалыматтарды коомго, көркөмчыгармалар аркылуу ар бирин санга моралдык, укуктук, эрежелерин туюндурууч у юридикалык жыйнактын, таалим-тарбияберүүчү куралдын, жакшы-жаман түшүнүктөрдү чечмелеген туюнтманын ж. б. жашоо-тиричиликтин көп кырдуу зарылдыктары үчүн пайдаланууга боло турган энциклопедиялык мазмундагы “китептин” милдетин аткарып келген.

Ооба эми азыркы жашообуз абдан өнүгүп өркүндөдү, бирок жаштарга бийик деңгээлде тарбия таалим берүүдө абдан аксап келүүдөбүз. Дүйнө жүзүндө кыргыз эли бир уучтай эле сезилет. Бирок, анын бир уучтайы кичине элдин чоңдой проблемасы, тарткан жүгү, чечилбеген түйшүгү жөнүндө сөз баратат.

Мен айтаар элем кыргыз деген дүйнөдөгү багы бар улут, улуу тили бар элден биздеп. Кыргыз мейман десе жата калат, ичкен ашын кармата берип, керек десе акыркы тонун чечип берет. Тилиң буруу экен, бизди эле туурачы десе тантырактап берет. Өз керт башынан бирөөнүн керт башын жогору коет. Меймандостугу ушунда, өзү да жебей, балдарынан каткан ашын салып берип, маңдайы жазыла конок узатып, бала-чакасы ач калган учурлар, бу кыргыздын көөнөрбөс тарыхында миң курдай кайталанса керек. Чынын айтсам, обу жоктонуп алсызга чочондоп, зөөкүрлүгүн көрсөткөн америкалык, же

англиялыктарга салыштырмалуу менин элим улуу да, ыймандуу да, адамгерчилиги зор меймандос да. Мен айтаар элем, элдин кичине, чоңунда эмес, анын мамлекеттүүлүгүндө.

Ким ээрчибейт да, ким туурабайт. Кимдер бирөө көңүл кушу түшкөн кайсы бир элге окшошкусу, ошолордой кербездengиси, жакшы нерсесин өзүнө сиңирип алгысы келет. Бирок, өнүккөн улуттун бай салтын, үрп-адатын, тилин, маданиятын, жүрүм-турумун канчалык деңгээлде пайдалангысы, окшошкусу, сиңиргиси келет, кеп ушунда турат. Албетте, үйрөнгөнүң, көп тил билгениң өзүңө жакшы дечи, бирок өзүңдөгү артыкчылыктарды сезбей дилин алдырып, тили бурулуп, системанын алдында кордолуп, же биротоло өз элинде калбай, же биротоло башкага өтүп кетпей, алганыңы, окуганыңы, билгениңи сиңире албай, эки ортодо арабөк калганың жаман да.

Базар экономикасы, баалардын кескин көтөрүлүшү, жумушсуздук армиясынын катары күндөн-күнгө өсүүсү, наркоманиянын пайда болушу менен кылмыштуулуктун көбөйүшү адам дегенди каалагандай калчап жатат. Учурда ушундай кыйынчылыкта ырааттуу, максаттуу, кийин коомго, адам факторуна тескери таасири тийбегендей иштелген зирек программа жетишпей турат. Шаар, айыл-кыштактарда мектептерде адеп-ахлак, жүрүш-туруш маданияты боюнча диний окууларга кеңири жол ачылды. Бу көзгө урунарчылык жөрөлгө деңизчи. Бирок, айрым шылуундар мүмкүн болушунча эски, жаңы саясатты обу жок көкөлөтүп, мусулманчылыкты, ар кайсы динди алы жетишинче пропагандалып, кээ бир маселелерге келгенде мамлекеттик иштен да өз кызыкчылыктарын жогору коюп жатышкандыгын туюп, зээниң кейип кетет. Ар кандай нерсе өз ченеми менен өлчөнсө, болсо-болбосо да баарын дүңү менен күндөлүк тиричилигибизге кийире бербей жамандыктан жакшылыкты, жакшыдан мыктысын тандап алсак. Азыр кимден сурабагын: «Жаштардан ыйман кетти, кары-картаңдардан ыйба кылбайт, автоунааларда орун бошотуп бербейт», -дешет. Мунусу дагы чын. Тилибизди, дилибизди аз-аздан кайтарып берип жатканы менен базар экономикасы адамдардын бардык категориясы жөөттүккө, куйтулукка, ач көздүүлүккө, дүнүйө параздыкка аргасыз түртүп жатканы жашыруун эмес. Муну азырынча убактылуу көрүнүш катары кабылдаганыбыз менен көңүлгө оңойлук менен кетпес так калтырат экен. Азыр колундагысын эптеп соодалап, бала-бакырасына нан таап берген адам «баатыр» болуп калды. Ыйбаа, ыйман деген эстен көңтөрүлүп, көртириликтин айынан Орусияда, Казакстанда тентип, көзү өтүп кеткен ата-энесине, жакын тууганына бир ууч топурак таштай албай, үй-бүлөсүн ойлобой, чырактай балдарын чыркыратып кыздарыбыз эрге тийип, үйлөнүп алган эркектерибиз канча дейсиз? Кылымдарды карыткан үрп-салтыбызды, көөнөрбөс каада-салтыбызды кайда катабыз. Ордо калаада эмес, биртике да болсо түсү үйрүлбөгөн айыл-кыштактарда кадырман карыларга, улуу адамдарга «Ассалоом алейкум» деп салам айткан, акыл рухубуз бөксөрүп, ата-бабаларыбыздын салтын жайылткан пенде жок. «Пулуң болсо кулуңмун», «өзүм өлбөйүн, арабам сынбасын», -деген эле эл. Кеңешти, моралды, кичүүгө ызаатты, улуууга урматты кабыл алган пенде аз арабызда. Көпчүлүгүнүн териси жука, жини тез келип, оозуңду ачтың дегиче эсикөөнүңөн кеткис кылып боктоп коет. Бу аз көрүнсө «ар-р» этип куйругуңан каап алат.

Азыр эмнегедир көкөйүбүзгө көк таштай тийген порнографиялык сүрөттөр менен коздолгон календарларды, видеофильмдерди, абийирин саткан адамдардын күнү тууп жатат. Аларды жолго салган карылар, ата-эне, коомдук уюмдар, кыймылдар жок эмес. Бар. Ордо калаабыздан кара балчыкка баткан айыл кыштактарга чейин сиңип кеткен, адамды талап-тоноп, зордуктап, үй-мүлкүн өрттөп, өз канынан жаралган балдарды сатып, уурулукка, жырткычтыкка үйрөткөн, эротикалык оор жана жеңил секс видеофильмдер бүткүл республикабыздын аймагында ачыктан-ачык пропагандаланып жаткандыгын шариятка, мусулманчылыкка сыйбаган одоно көрүнүш катары эсептейм. Айлана-чөйрө будуң-чаң түшүп, баары аралашып эле калгансыды. Эмне жаман, эмне жакшы баасы бир. Эптеп күн өтсө болду. Аксакал карыялардын, улуу муундардын жаштарга айткан акыл-кенеши түккө арзыбай «карынын кеби» касиетин жоготту. Видео, кино, мультфильм

өнөрү бизди көркөм дүйнөгө, асыл максаттарга жетелебестен, тескеринче, хулигандыкка, жырткычтыкка, айбанчылыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, талап-тоноочулукка үндөдү. Мындай фильмдер бизге эч качан ырайым алып келген эмес, алып келчү түрү да жок.

Ушинтип, бири-бирибиздин кебибиз бири-бирибизге оор тийип, өчөгүшүп, тирешип, ыйманыбызды жеп ала электе келечек муун аксабасын десек, тез аранын ичинде улуттук педагогиканы жандандырып, улуттук өзгөчөлүгүбүздүн өсүп-өнүгүшү үчүн бардык мүмкүнчүлүктүн иш-чараларын иштеп чыгуубуз зарыл. Ал үчүн республикабыздын бардык жогорку, орто окуу жайларында, мектептерде адамгерчилик-ыйман сабактарын кийрүү ылайыктуу.

Келечек жаштардын колунда- деген накыл кептер айтылып келүүдө. Жаштарга патриоттук сезимди сиңиртүү керек. Ар бир мен кыргызмын деген жаш инсан өз өлкөсүүчүн дүйнө курбаса да, бир мөмө дарак өстүрүүгө милдеттүү. Жаш инсан мамлекет мага эмне пайда кылды дебей, мен мамлекетке эмне пайда алып келдим- деп ойлонуу керек. Ал эми инсан деген түшүнүкө токтоло кетсек.

«Инсан- бул индивидуумдун коомдо өнүгүүсүнүн продуктусу. Адам коомдон сырткары инсан боло албайт, ал индивидуум боюнча кала берет. Инсан болуп төрөлүшпөйт, инсан болуп пайда болушат, тарбияланышат, деген экен А.Н. Леонтьев.Инсандын өнүгүүсү- булөтө узак процесс, инсан болуп калыптануу үчүн көп убакыт керек. Инсандын пайда болушун «адам- коом» деген байланыш түзөт. Ошентип бул жана башка жөндөмдүүлүгү айлана- чөйрөдөгүлөрдүн таасиринин, мамилесинин негизинде күндөн күнгөөсө берет. Баланын коомго болгон мамилеси анын коомдогу ордуна жараша түзүлөт. Мисалы бала мектеп турмушуна аралашат, мектепке кирүүбул адамдын инсан болуп калыптануусундагы чоң бурулуш болуучу мезгил. Анын ишин жыйынтыгын коом бааларын көрүп түшүнөт. Иш- аракеттин негизинде гана инсан менен коомдун ортосундагы мамиле, байланыш күч алат, жаңы нерселерди жаратат. Адамдын жашоосунун ар бир мезгилинде анын иш аракеттеринин ар турдуулугу курчап турган дүйнөгө болгон мамилесинин негизинде маанилүүлүгүнө жараша бөлүнөт. Ошон үчүн биз жаш инсан мыкты чыгыш үчүнүлгүлүү коомтүзүп берүүгө аракет жашасыбыз керек. Ал эми мен ойлом ,үлгүлүү коом болушу үчүн биз ата бабаларыбыздын не бир алтынга тете макал-лакаптарын, санат насыяларын, накыл кептерин пайдалансак, ак сакалдары жайкалган акылман карыялар Кошой, Бакай Ата, Манас бабаларыбыздын санжырасын айтып турсак,көөнөрбөс байбичелер Каныкей, Айчүрөк, Жаңыл мырза, Курманжан даткалардын кеп кеңештерин, эр жүрөктүүлүгү наздектелип турсак, он видикке алмашкыс сонун сабак болмок.

Кыскасы, уядан эмнени көрсө, балапан келечекте ошону алат. Мында талаш жок. Кептин баары ошо ата-бабалардын салтын улантууда кийинки балалык курактын жетилишинин, ошо доордогу илимдин, маданияттын өнүгүшүн, окуу-тарбия процессинин, элдик педагогиканын таасири тийет деген ой. Жакшы болсо турмуштун оңолушу, жаман болсо элдин руху жакырланганы ошондон.

Кыргыз эли байыркы эл болгондон кийин, жаштарды кудурети күчтүү даражага жеткирели, маданияттын бардык казыналарына ээ болдуралы.Илимдин бийиктигине жеткизүүгө ар бирибиздин, улуттун колунан келчү нерсе. Жаштар өзүндө эң сонун асыл сезимдердин, улуттук артыкчылыктардын бар экендигине ынанууга, сыймыктанууга тийиш.

Ошентип, келечек жашообузга багыт бере турган улуттук идеябызды, түп-тамырынан бери өзгөртүп, улуттук аң-сезимдүүлүккө, жаркын ой-максаттарга жетелөөчү зор демилгелүүлүктү жоготпой, байыркылыгыбызга кайрылып кылымдарды карыткан тилибизди, дилибизди, маданиятыбызды туу тутсак, үркөрдөй кыргыз дүйнөдө алтын казык жылдыздай жаркырап өзгөчөлөнүп турмак.

**Адабияттар:**

1. Газета «Кут билим» 12.06.2009ж.
2. «Кайра жаралуу доор адабияты» Чокоева Д.М. Б.:2013

3. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов. Б.: Илим,1998г.
4. Айтбаев А.А. Менталитет кыргызского народа теория и практика. –Б:2006г.